алса да ашыктык болбойт.Койулган максаттын ишке ашуусу бул жерде студенттердин ойлорун айта алуусунда жана бири-бири менен гана кеп алмашуу эмес окутуучунун да аралашышы жемиштүү болоорунда эч кандай шек жок.Мындай жагдай тилди үйрөнүп жаткандардын психикалык чыңалуу абалдарын жана тилдик барьерди жеңип чыгууларына,ойлоп жаткан ойлорун кенен жана таза бере алууларыа түрткү болот.Ошнтип отуруп мындай сабактардын тематикалары өсүп, оңой темадан татаалыраак темага өтөт.Азыркы убакта башка тилдерди үйрөнүүдө мисалы алсак англис тилин үйрөнүп жаткандар үчүн кандай гана кызыктуу окуу китептери жана усулдар жайылып жаткандыгы белгилүү.Ал эми мамлекеттик тилде мындай усулдар,окуу китептери аз же жокко эсе.Ошол себептерден мамлекеттик тилде туура,таза,жеткиликтүү үйрөнүп сүйлөп кетүү үчүн усулдарды колдонуу жемиштүү.

Макаламдын аягында мамлекеттик тилде тил үйрөнүп жаткан башка улуттун жана орус мектептерди аяктаган сүйлөө кептери өтө кеңири эмес студенттердин сүйлөп кетүүлөрүндө жогорудагы усулдар негиз гана боло ала тургандыгын баса көрсөтүп кетүү менен, мен өзүмдүн практикамда мамлекеттик тилде сүйлөп кетүүдө коммуникативдик усулдун ордун,сабагымда бул усулдарды колдонуп жаткандыгымды, жана бул усулдар өтө жакшы жетишкендиктерге түрткү боло ала турганын аныктадым.

Экинчи тилди үйрөнүүдө коммуникативдик ыкма, өзгөчө орунда турат деп баса айта алам.Эң негизгиси бул ыкмада:

-Экинчи үйрөнүп жаткан тилди сүйлөшүү учурунда тилди негизги тил катары кароо.

-Интерактивдик усулдарды колдонуу менен калыптанып калган көнүмүш эски стеротиптерди жок кылуу.

-Тил үйрөнүп жаткандарга тил кызыктуу,оңой жана ыңгайлуу,керек тил экендигине көнүктүрүү,кызыктыруу.Окутуучу тил жайылтуучу гана эмес,баалоочу, багыттоочу, ошону менен катар эле кеңеш берип,тилге болгон кызыгууну арттыруучу да болушу керек. Тил үйрөнүүдө окутуучу тарабынан жогоруда көрсөтүлгөндөр ишке ашса гана коммуникативдик байланыш,эффективдүү таасир тийгизе алат.Макалада экинчи тилди үйрөнүүдө коммуникативдик байланыштын эң негизги принциптери, орус тилдүү группаларда кыргыз тилин үйрөтүүдөгү ордун көрсөтө алдым.

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1.Палугина, М.А.Инновационные технологии обучения иностранным языкам [Текст]: /М.А. Палугина. //Материалы международной научной конференции (Пермь, апрель 2011 г.) Т.1. -Пермь:Меркурий, 2011. - С.156-159.

2.Чубарова, Е.В.Коммуникативная методика в преподавании иностранного языка [Электронный ресурс] /Е.В.Чубарова //Научно-методический электронный журнал «Концепт». 2016. -Т.5. - С.186-188.

3.Большой Энциклопедический словарь (БЭС) [Текст]: словарь. - М., 2000. -1456 с.

УДК 81, 366

Алапаева Ч.Т.,
Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнө караштуу
Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык
Академиясынын Юридикалык
колледжинин ага окутуучусу
Алапаева Ч.Т.,
старший преподаватель
Юридического колледжа
Кыргызской Государственной
Юридической Академии при
Правительстве Кыргызской Республики
Alapaeva Ch.T.,
is senior lecturer of the law college
of the Kyrgyz State Law
Academy under the Government
of the Kurgyz Republic
моб.тел.: *+996 (558) 385688*
e-mail: *Alapaeva – Cholpon @ mail. ru*

ТОЛУК ЖАНА ТОЛУК ЭМЕС ОМОНИМДЕР

ПОЛНЫЕ И НЕ ПОЛНЫЕ ОМОНИМЫ

COMPLETE AND INCOMPLETE HOMONYMS

Аннотация: *Бул илимий макалада омонимдердин өз ара катыштык формаларынын даражасына ылайык*

айырмалана тургандыгы тууралуу маселелер каралган.

Аннотация: *В данной научной статье рассмотрены вопросы о различиях омонимов по степени охвата форм омонимическими отношениями.*

Annotation*: In this scientific article, guestions are considered that homonyms differ in the degree of coverage of forms by homonyms relations.*

Негизги сөздөр: *толук омонимдер; толук эмес омонимдер; грамматикалык формалар; сөз түркүмдөрү; байланыш, коэффициент; омоформа.*

Ключевые слова: *полные омонимы; частичные омонимы; грамматические формы; части речи;соотношение; коэффициент;омоформа.*

Key words: *Full homonyms;partial homonyms; grammatical forms; parts of speech; ratio; coefficient;omoform.*

Окуу китептеринде, белгилүү бир маселе боюнча маалымат берүүчү китептерде “толук” омонимдер деген терминге бардык грамматикалык түзүлүшүндө үндөштүгү боюнча дал келген омонимдерге кадыресе сөз катары “толук омонимдер” деген аныктама берилет да, ал эми жарым –жартылай дал келүүчү омонимдерди “толук эмес омонимдер” деп белгилешет.

Ошондой болсо да теория жаатында изилдөөчүлөр“толук” жана “толук эмес” терминдерин чечмелеп түшүндүрүүдө жалпы биримдиктүү пикирге келе элек.

Омонимдер катыштардын түзүлүш деңгээлине карата айырмаланышын биринчилерден болуп Л.А.Булаховский белгилеген [1]. Бир нече жылдан кийин Б.Тринка бардык түзүлүшүндө дал келген “толук” жана жарым –жартылай дал келген “толук эмес” омонимдер деп бөлүүнү сунуштаган [2]. Андан тышкары толук омонимдер сөздөрдүн бир гана грамматикалык категориясына же (бир гана сөз түркүмүнө таандык экенин), ал эми толук эмес омонимдер ар түрдүү сөз түркүмүнө таандык болоорун көрсөткөн. Биз Б.Тринканын изилдөөсүнө таянып, кыргыз тилиндеги омонимдерге көңүл буруп, бир гана сөз түркүмүнө кирген толук омонимдерди талдап көрөлү: Мисалы, **балжууран** 1-зат.өсүмдүк, өзөгү түтүк болуп өскөн өсүмдүк. **Балжуураны** карасаң, жалбырагы этектей (фольк.).

Балжууран 2-зат. (койдун же топоздун сүтүнөн эч нерсе кошулбай накта уютулган кою, таттуу айран,жуурат. Тамдын түбүндө күн чубактап отурган карыя балжууранга тойгон баладай магдырай баштады (“Ала-Тоо”). **Теримчи** 1 –зат.пахта жыйноочу, пахта териминде иштөөчү. Эки эсе норма толтуруп, Теримчи жеңем сен сулуу(Үмөталиев). Теримчи 2- зат. кайыштан, булгаары тилкелеринен камчы,жүгөн сыяктуу ат жабдыктарын же башка буюмдарды терип өрүүчү устат. Кош айдаган эгинчи, Камчы өрүүчү теримчи (“Кедейкан”). **Карылуу** 1-сын.күчтүү , балбан, алдуу. Жапаш өзү карылуу болучу Жантөшөв). **Карылуу** 2-сын. улгайган кары адамдуу. Карылуу үй ырымсыз болбос (макал). **Октол** 1-эт.алга карай атырылуу,обдулуу. Ордунан турду октолуп, Олтура албай токтолуп (“Манас”). **Октол** 2- эт. ок салынып даярдалган абалда болуу.Сырлары түндүн сонун да, Октолгон мылтык жонумда (Аалы). **Жемекей 1**-сын. жегич, алдым-жуттум. Жемекей канды өлтүрүп, Бир кумарды жазалы (“Кедейкан”). Жемекей 2-сын. жемечил, жемекор, кулак- мээни жеген, көр жеме. Болор-болбоско кыжылдай берген жемекей киши.

Кыргыз тилиндеги ар түрдүү сөз түркүмүнө кирген толук эмес омонимдер: Мисалы, **Жон** 1-зат. кыр арка, арка жак, тоонун же дөбөнүн кыры, үстү жагы. Уулун жонуна көтөрүп Ак-Өгүздү жөө ашкан (Сыдыкбеков). **Жон** 2- эт. жукалап,үстүртөдөн кайпыта кесүү, жондото кесүү. Жыгач жонуу. **Далба** 1- зат. алгыр куштарды таптоодо,үндөккө келтирүүдө аларды таткандырып үйрөтө турган жем. Далбага түшөт кара куш, Ак шумкар учкул сары куш (Барпы). **Далба** 2-эт. дал-дал болуп бөлүнүү, тытынуу,самсаалап калуу. Кийимдери иштен чыгып далбаган. **Ардык** 1- зат**.** нааразылык,ыраазы эместик, өкүнүч, таарыныч. Кайраттанып жолго түш, калбасын ичте ардыгың (фольк.). **Ардык** 2- эт. арданyу, намыстануу, ыза болуу. Менин аброюмду чанат деп ардыккан Абыке, балким мууздатып салса да өз эрки (Сыдыкбеков). **Аткы** 1- зат. кыраан куштардын жемсөөсүн тазалоо үчүн колдонулуучу жыгачтан же жорунун жилигинен жасалган түтүкчө.

Аткы 2- эт. апчып алуу, чеңгел менен чапчып кармоо; капшыра тиштөө. Бетин колу менен аткып алды эле, шүүшүндөп кан кетти (Байтемиров).

Даки 1- зат. жука ак кездеме; марли.Энем өзүнө бир топ даки, бейкасам чапан, намеркен маасы издеди (“Чалкан”). **Даки** 2- сын. куу, митаам. амалкөй. Далайды көрүп, даки болгон куу [3].

Кийин толук омонимдердин деңгээлин грамматикалык мүнөздөмө менен аныктоо багытын андан ары өнүктүрүүдө А.И.Смирницкийдин эмгеги көп. Ал изилдөөсүндө толук омонимдердин бүтүндөй бир формаларынын системасынын гана эмес, грамматикалык формаларынын да дал келүүсүн байкоого болот, ал эми толук эмес омонимдердин формалары грамматикалык жактан дал келбейт, эгер грамматикалык жактан дал келбесе, ал омонимия боло албайт деп тактоо киргизген [4]. А.И.Смирницкийдин көз карашы боюнча толук омонимия бир эле учурда лексикалык, ал эми толук эмес – лексико-грамматикалык омоним болушу керек деп белгилейт [5].

Бирок толук жана толук эмес омонимдер боюнча В.В. Виноградов өзүнүн эмгектеринде башкача талкуу жүргүзөт. Ал, биринчиден, бир эле учурда бардык грамматикалык формаларынын дал келишин – “омоним” деп, ар түрдүү сөздөрдүн формаларынын үндөштүгүнүн дал келишин жана башка формаларынын айырмачылыктарын - “ омоформа” деп атоо керектигин сунуштоо менен жаңы терминология киргизет [6]. Экинчиден, өтмө учурларды, бир эле сөздүн бүтүндөй үндөштүгүн (өзүнүн бардык формаларынын же бир эле формасынын) фонетикалык түзүлүшү боюнча башка сөздүн морфологиялык бөлүктөрү менен өзгөрүшүнүн дал келүүсүн...” (ошол эле жерде) көрсөтөт. Жыйынтыгында, Б.Тринкинин (“толук омонимия” – “ толук эмес омонимия”) жана А.И. Смирницкийдин (“толук омонимия” – жарым –жартылай омонимия”) деген аныктамаларынын ордуна В. В. Виноградов “ омонимия - толук эмес” жана “ омонимия” – “ омоформия” деген терминдерди сунуштайт.

Албетте, эки концепциянын тең оң жана терс жактарын байкоого болот.

В.В. Виноградовдун “омонимия” менен “ омоформанын” ортосундагы үчүнчү байланыш бөлүгүн таап, сөз менен сөз формасынын деңгээлин так чектеп көрсөтүүсү мактоого татыктуу. Ошону менен катар толук жана толук эмес омонимдердин грамматикалык белгилеринин маанисинин катыштарынын маселелери толук иштелип чыккан эмес, сунуштаган терминдери эклектүү: (карама-каршы көз караш), биринчи жана экинчи бөлүк лексикалык деңгээл, үчүнчү – сөз формасынын деңгээли деп белгилеген.

А. И. Смирницкий омонимдердин классификациясын лексикалык деңгээлде карап, эки аспектисин - толук жана жарым-жартылай омонимдердин бир же ар түрдүү сөз түркүмдөрүнө таандыгын так көрсөтүп, алардын грамматикалык белгилеринин маселелерине кеңири токтолот.

Ал толук (же жарым-жартылай) омонимдердин жана алардын дал келүүчүлүгү (айырмачылыгы), алардын жалпы лексикалык грамматикалык белгилеринин ортосундагы байланыш бар экендигин белгилөө менен бул байланыш бири-бирине көз каранды кылаарын түшүнөт. Чындыгында толук омонимдердин белгиси бир гана сөз түркүмүнө таандык экенине байланыштуу болот. А.И.Смирницкийдин изилдөөсүнө таянып жогоруда кыргыз тилиндеги бир гана сөз түркүмүнө кирген толук омонимдерди жана ар башка сөз түркүмүнө кирген толук эмес омонимдерди карап көрдүк.

Бирок өз убагында И.В.Арнольд өз эмгегинде: “Англис тилиндеги ар түрдүү сөз түркүмүнө кирген толук омонимдердин көптүгүн “,- баса белгилеген [6]. Мисалы, FAST а “чымыр” жана FAST adv “тез”), фонетикалык (жана графикалык) формада салыштырма даражада дал келет.

А.Я.Шайкевич эки концепциянын оң жактарын эске алуу менен өзүнүн классификациясында толук омонимдердин үч даражасын айырмалоодо жана аларды белгилөөдө В.В. Виноградов сыяктуу : “толук” жана “ толук эмес”, А.И.Смирницкийдин “ толук эмес” терминдерин ырааттуу колдоно билген. [7]

Көпчүлүк авторлор толук омонимдердин даражаларын чектөөдө В.В.Виноградовдун жана А.И.Смирницкийдин пикирлерин колдоо менен бир аз тактоолорду киргизишкен (Щепин 1963: 159; Пророкова 1966:13-14; Головин 1973, ж.б.). И.С. Тышлер болсо, эгерде сөз бардык формаларында омонимдүү болбосо демаркациялык чектөөнү түзүүнү сунуштайт. Жарым жана көпчүлүк бөлүгү дал келсе-омонимия толук эмес, аз бөлүгү дал келсе жарым –жартылай омоним деп белгилейт [8].

Натыйжада, омонимдердин даражалык таандык компоненттерин эске алып классификациялаган В.В. Виноградовдун ,

омонимдик катыштарды сапаттуу талдоо жүргүзгөн А.И. Смирницкийдин эмгектеринин ордуна И.С.Тышлер жалпы форманын 50% дал келишинен эч кандай лингвистикалык маниге ээ эмес сан жагынан гана туура келген тыянакты сунуштайт. Сөз формаларынын үлүшүн тактоо туура чыгаар, бирок ар түрдүү чектелишке туш болгон үчүн омонимдик жуптарды ар кандай категорияларга бөлүү маанисиз болуп калат. Мисалы, BEAR n" аюу" жана BEAR v " кийүү" субстантивдик-этиштик жупту түзүп, форманын 9 нан 4 формасы гана дал келгендиктен толук эмес омоним катары кароо сунушталып жатат. Андыктан, И.С. Тышлер каралып жаткан көйгөйлүү маселени ачык түшүндүрүүгө далалат кылбастан, жогорудагы изилдөөчүлөрдүн жасаган баалуу пикирлерин да четке кагып жатат.

Толук жана толук эмес омонимдердин көйгөйлөрүн карап жатып, эң алгач лексика менен сөз формаларынын деңгээлинин чегин аныктап алуу керек. Чындыгында омонимдин толук жана толук эмес маселесин чечмелөө сөз формаларынын бирдиктеринин деңгээлинин катыштарын талдоодо такталат: эки лексема бардык формаларында дал келише алуу менен толук омоним боло алат же бардык формалары дал келбесе тескерисинче толук эмес омоним болот. Сөз формасынын деңгээлинде бул маселе маниге ээ эмес жана эки сөз формасы омонимдүү боло алат же боло албайт деген пикир пайда болот.

Толук омонимдерге карата дагы бир суроо туулат: А.И.Смирницкийдин пикири боюнча толук омонимдер грамматикалык окшош формалар боюнча дал келүүсү сөзсүз керекпи? Биздин оюбузча толук омонимдердин дал келүүсү жана грамматикалык окшоштуктардын дал келүүсү эки башка маселе сыяктанат. Лексикалык омонимдер сыяктуу бири-бирин коштоп дагы жүрөт (мисалы 1) mass жана 2) mass А.И.Смирницкий белгилегендей) жана эки башка мааниде да колдонулушу мүмкүн. Омонимдердин жуптарын толук омонимдердин катарына киргизүүдө грамматикалык маанилеринен көз каранды болбошуна көңүл буруу керек, себеби ар бир омоним сөздөргө фонетикалык (графикалык) жактан дал келген омонимдердин грамматикалык маанисинин байланышы роль ойнобойт.

Эгерде сөздөрдүн жиктешүүсүндө бир сөздүн башка сөз менен формалдуу дал келишүүсү болбосо омонимия толук эмес омонимиянын катарына кирет. Бул пикир боюнча В.В.Виноградов жана башка изилдөөчүлөр эки себепти белгилешет:

1) жуп омонимдер сөздөрдүн ичинен бирөөнө толук омоним боло алат, эгерде бир сөздүн элементтери башка бир сөздүн элементтеринин жиктелишүүсүндө дал келсе, тескерисинче элементтери дал келишпесе толук эмес омоним болуп эсептелет.

2) эки сөздүн жиктелишүүсүндө бир эле элемент экинчи сөздө жок болсо, эки сөз тең толук эмес омонимдик жуптар болуп эсептелет.

Толук эмес омонимдер боюнча Ю.С. Маслов : " бирдей эмес көлөмдөгү омонимдер " [9]- деген эң ылайыктуу терминди киргизген. Экинчи учурдагы белгиге салттуу түрдөгү "жарым-жартылай омонимия" - деген терминди колдонсо болот деп Л.В.Малаховский сунуштаган.

Жыйынтыгында парадигмалардын дал келиши менен айырмаланган омонимдердин үч түрүнө эки терминди сунуштаган В.В. Виноградовдон айырмаланып, учурдагы изилдөөлөрдө –"толук", "бирдей эмес көлөмдөгү" жана "жарым-жартылай" омонимдер деген терминдер лексиканын деңгээлине ылайык деп табылды.

Бул изилдөөлөрдө омонимдердин үч түрүнөн толук омонимдер негизинен англис тилинде көп учурайт, ал эми жарым-жартылай, бирдей эмес көлөмдөгү омонимдер өтө сейрек кездешет.

Ушул маселе боюнча Л.В. Малаховский :" Омонимдердин толуктугунун даражасын лингвистикалык жаатында айырмалоо –бул омонимдердин жуптарынын мүчөлөрүнүн ортосундагы байланыштын деңгээлин жана алардын ортосундагы келишпестиктин келип чыгуусун да аныктоого жардам берет" [10] - деп белгилейт. Демек, канчалык деңгээлде омонимдердин ортосундагы байланыш күчтүү болсо, алардын жиктелишүүсүнүн (парадигмаларынын) дал келиши жогору болот. Бул изилдөөлөрдүн жыйынтыгынан омонимдердин жуптарынын пардигмаларынын бардык элементтеринин дал келиши- ошол күчтүн эң жогорку көрсөткүчү болуп, ал эми парадигмалардын элементтеринин аз санда дал келгени- ошол күчтүн эң төмөнкү көрсөткүчү болуп саналганын байкадык. Бул толук омонимдердин байланышын мындай формула менен туюнтууга болот k =aq/ N, мында k – омонимдин толуктугу коэффициент, a – омонимдердин сөз формаларынын саны, N-

омонимдик жуптардын сөз формаларынын жалпы саны.

Себеби а омонимдердин сөз формаларынын саны N омонимдик жуптардын сөз формаларынын жалпы санынан чоң болбошу керек, омонимдердин толуктугу 1ден 0го чейин өзгөрүшү мүмкүн. а=N болгондо толук омонимдердин коэффиценти жогорку маниге ээ болот, формаларынын дал келбегендиги, б.а. омонимдердин жок болушу а=0 менен туюнтулат.

Бул маселе боюнча Л.В. Малаховский : “ Бул коэффициент омонимдердин ортосундагы байланыштын деңгээлине болжолдуу гана баа бере алат, себеби омонимдердин ортосундагы сөз формаларынын байланышынын бирдей баалуулуктарын эске алган көз караштан келип чыгып жатат” [10] - деп жазат. Чындыгында сөздөрдүн негизги формаларынын дал келиши кыйыр сөз формаларынын дал келишине караганда алда канча жогорку маниге ээ болот. Жогорудагы сунушталган коэффициент дагы да болсо тактоо үчүн көптөгөн изилдөөлөргө муктаж.

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Булаховский, Л.А. Из жизни омонимов [Текст]: /Л.А.Булаховский //Русская речь. Вып.III. - М.,- 1928. - Вып. III. – С. 47-60.
2. Trnka, B.Bemerkungen zur Homonymie [Text]: /B. Trnka //Travaux du Cercle Linguistigue de Prague. - Prague, - 1931.- Vol.IV.- P.152-155.
3. Словарь омонимов киргизкого языка [Текст]: //Кыргыз ССР илимдер академиясынын басмаканасы. - Фрунзе. 1980. – 600 с.
4. Смирницкий, А.И. Некоторые замечания по английской омонимике [Текст]: / А.И.Смирницкий // ИЯШ. -1948. -№5. - С.10-15.
5. Виноградов, В.В. Об омонимии и смежных явлениях [Текст]: /В.В.Виноградов // ВЯ. - 1960. - №5. - С.3-17.
6. Арнольд, И.В. Лексикология совремменого английского языка [Текст]: /И.В.Арнольд. -М., 1959.
7. Шайкевич, А.Я. Источники лексической омонимии в германских языках [Текст]: дис. ... канд. филол. наук: 10.01.02. - М., 1962.
8. Тышлер, И.С. Словарь омонимов современного английского языка [Текст]: /И.С.Тышлер. - Саратов, 1963.
9. Маслов, Ю.С. Омонимы в словарях и омонимия в языке (к постановке вопроса) [Текст]: /Ю.С.Маслов // Вопросы теории и истории языка (сб.в честь проф. Б.А.Ларина). - Л., 1963. - С.198-202.
10. Малаховский, Л.В. Омонимия слов как абсолютная лингвистическая универсалия [Текст]: Л.В.Малаховский // Ин.языки в высшей школе. - М.,1977. - Вып.12. - С. 94-98.

УДК: 339.92:338(575.2)

Арстанбек уулу И.,
КРнын Өкмөтүнө караштуу
КМЮА нын экономика жана башкаруу
бөлүмүнүн окутуучусу.
Арстанбек уулу И.,
преподаватель
кафедры экономики и управления КГЮА
при Правительстве КР.
Arstanbek uulu I.,
teacher Department of
economics and management
of KLUCA under the Government
of the Kyrgyz Republic
моб. т.: +996 (551) 105611
e - mail: iskak_2011@mail.ru

ГЕОСАЯСАТ ФАКТОРЛОРУНУН КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

ГЕОПОЛИТИЧЕСКИЕ ФАКТОРЫ ВЛИЯЮЩИЕ НА ЭКОНОМИКУ КЫРГЫЗСТАНА

GEOPOLITICAL FACTORS AFFECTING THE ECONOMY OF KYRGYZSTAN

Аннотация: *Бул макалада Кыргызстандын көйгөйлөрү жана геосаясаттагы мааниси ЕАЭПтин алкагында дүйнөлүк геосаясаттын лидерлери менен болгон мамилеси жана алардан экономикалык жана саясий көз карандылык боюнча каралат.*

Аннотация: *В данной статье рассматриваются проблемы и геополитическое значение Кыргызстана и взаимоотношение с мировыми геополитическими лидерами, в рамках ЕАЭС экономическая и политическая зависимость от них.*

Annotation. *This article examines the problems and geopolitical significance of Kyrgyzstan and the relationship between the world's geopoliti-*